«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси

«Бекитемин»
«БИК»түн мүдүрү ф.и.к., доцент
Эркинбеков К.Э. ________
«___»__________ 2026-жыл

# 9- май Улуу Жеңиштин 81 жылдыгына карата арналган иш чаранын

# Отчету

1-2-курстар үчүн

Темасы: **“Эч ким, эч нерсе, эч качан унутулбайт”**

Даярдаган: Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары -Тагаева Гүлзат Аликовна (кол тамгасы )_________

**2026 - жыл**

**«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси**

**9- май Улуу Жеңиштин 81 жылдыгына карата арналган иш чаранын**

**Отчету**

**Темасы: “Эч ким, эс нерсе, эч качан унутулбайт”**

📌2026-жылдын 14-майында тарбиялык пландын негизинде “Бишкек инновациялык колледжи” мекемесинде 1–2-курстардын студенттери үчүн Улуу Ата Мекендик согуштун 81 жылдыгына арналган «Эч ким, эч нерсе, эч качан унутулбайт!» аттуу салтанаттуу иш-чара өткөрүлдү.

Иш-чаранын негизги максаты — студенттерди мекенчилдикке тарбиялоо, Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлеринин эрдигин даңазалоо, тарыхый эс тутумду сактоо, жаштар арасында жарандык жоопкерчиликти жана мекенге болгон сүйүүнү калыптандыруу.

Иш-чараны «Баштапкы аскерге даярдоо» сабагынын окутуучусу, полковник Ниязалиев Нурлан Кубанычбекович, мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары Тагаева Гулзат Аликовналар уюштурушту.

📂Майрамдык иш-чара жогорку деңгээлде уюштурулуп, сахна Жеңиш күнүнө арналган баннерлер, дубал гезиттер жана тематикалык сүрөттөр менен кооздолду. Иш-чаранын жүрүшүндө патриоттук жана аскердик ырлар, монолог, доклад, бийлер аткарылды.

Программага төмөнкү бөлүктөр кирди:

- салтанаттуу ачылыш жана катышуучуларды куттуктоо;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусун алып чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимнин аткаруу;
- колледж жетекчилигинин жана уюштуруучулардын куттуктоо сөздөрү;
- Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон баатырларды эскерүү мүнөтү;
- студенттер тарабынан монолог аткаруу;
- «Вальс» бийин тартуулоо;
- кыргыз баатырларынын эрдиги тууралуу баяндама окуу;
- «Катюша» ырын жалпы аткаруу;
- автоматты жыйноо жана чачуу боюнча көрсөтмө номер;
- желек менен аскердик маршировка;
- «Жеңиш күнү» ырын аткаруу;
- жыйынтыктоо жана коштошуу бөлүгү.

Иш-чарага катышкан студенттер чыгармачылык активдүүлүгүн, жоопкерчилигин жана жогорку даярдыгын көрсөтө алышты. Өзгөчө аскердик көрсөтмөлөр, көркөм окуулар, ыр-бийлер жана маршировка көрүүчүлөргө терең

таасир калтырды.

Иш-чаранын жүрүшүндө Улуу Жеңиштин тарыхый мааниси, Совет элинин каармандыгы, тынчтыктын баалуулугу жана муундар ортосундагы тарыхый байланышты сактоонун маанилүүлүгү кеңири белгиленди. Өткөрүлгөн иш-чара студенттердин патриоттук, руханий-адептик тарбиясын бекемдөөгө, Мекенге болгон сүйүүсүн арттырууга жана баатырлардын жаркын элесин урматтоого чоң салым кошту.

Жыйынтыгында иш-чарага активдүү катышкан студенттер “БИК” мекемесинин мүдүрү тарабынан ыраазычылык каттар менен сыйланышты.

**Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары:** **Тагаева Гулзат Аликовна**

**Күнү, айы, жылы:** **Кол тамгасы:** ____________


БИШКЕК
ИННОВАЦИЯЛЫК
КОЛЛЕДЖИ
ЭЧ КИМ,
ЭЧ НЕРСЕ,
ЭЧ КАЧАН
унутулбайт
9 МАЙ


Улуу Ата Мекендик согуштагы
кыргыз баатырлардын эрдиги
— 1941-1945 —
Чолпонбай Түлөбердиев
Дүйшөнкул Шопоков
Калыйнур Үсөнбеков
Талгат Бегелдинов
Жумаш Асаналиев
Асанбек Оторбаев
Алия Молдагулова
Исмаилбек Тараичиев
Сеитирбаев Мусабек
Маншук Маметова
Даир Асанов
9-май
Улуу Жеңиш
күнү менен
ОТЕЧЕСТВЕННАЯ ВОЙНА











